## Ийри-Суу негизги мектеби

### Баалоонун түрлөрү.

Мектептин билим берүү тутумунда төмөндөгү баалоонун түрлөрүн бөлүп көрсөтүүгө болот:

<u>**диагноздоочу, калыптандыруучу, жана жыйынтыктоочу баалоо.**</u>

**Диагноздоочу баалоо** – бул окуучунун компетенттүүлүгүнүн алгачкы калыптануу деңгээлин аныктоо. Диагноздоочу баалоо демейде окуу жылынын башында же теманы алгач үйрөтүүдө, бөлүмдүн же баптын башындагы биринчи сабакта жүргүзүлөт.

**Диагноздоочу баалоонун негизги максаты** – тийиштүү предметтик курста окутула турган темалардын же бөлүмдөрдүн (баптардын) башталышында окуучулардын окуп-үйрөнүү максатына канчалык жакын же алыс экендигин аныктап, тактап алуу. Диагноздоочу баалоо мугалимдин окуу планына окуучулардын муктаждыгына жооп
бергидей же алар туш келген кыйынчылыктардан чыгуута

**Диагноздоочу баалоонун биринчи өңүтү** – бул предмет боюнча окупүйрөнгөндүк деңгээлин же тиги же бул көндүмдөрдүн же компетенттүүлүктөрдүн калыптануу деңгээлин (окуучунун курсту же теманы окуп-үйрөнө баштаганга чейинки камдап алган билимдерин) алдын ала талдоо. (Мурунку окутулган темалар, бөлүмдөр боюнча мамлекеттик стандартка шайкеш келген суроолор). Бул иш-аракеттер мугалимге жаңы материалды окутуунун кайсы бөлүгүндө окуучу туш келиши мүмкүн экендигин болжолдоп, алардын алдын алуу үчүн тийиштүү кадамдарды пландаштыруу жагынан жардам берет.

**Диагноздоочу баалоонун негизги максаты** – тийиштүү предметтик курста окутула турган темалардын же бөлүмдөрдүн (баптардын) башталышында окуучулардын окуп-үйрөнүү максатына канчалык жакын же алыс экендигин аныктап, тактап алуу. Диагноздоочу баалоо мугалимдин окуу планына окуучулардын муктаждыгына жооп

бергидей же алар туш келген кыйынчылыктардан чыгууга

көмөктөшкүдөй оңдоо-түзөтүүлөрдү киргизүүсүнө мүмкүндүк берет.

**Диагноздоочу баалоонун биринчи өңүтү** – бул предмет боюнча окупүйрөнгөндүк деңгээлин же тиги же бул көндүмдөрдүн же компетенттүүлүктөрдүн калыптануу деңгээлин (окуучунун курсту же теманы окуп-үйрөнө баштаганга чейинки камдап алган билимдерин) алдын ала талдоо. (Мурунку окутулган темалар, бөлүмдөр боюнча мамлекеттик стандартка шайкеш келген суроолор). Бул иш-аракеттер мугалимге жаңы материалды окутуунун кайсы бөлүгүндө окуучу туш келиши мүмкүн экендигин болжолдоп, алардын алдын алуу үчүн тийиштүү кадамдарды пландаштыруу жагынан жардам берет.

**Диагноздоочу баалоонун экинчи өңүтү** – бул окуучулардын жаңы тема боюнча компетенттүүлүк деңгээлин текшерүү. (Жаңы окутула турган темалар, бөлүмдөр боюнча мамлекеттик стандартка шайкеш келген суроолор). Мугалим ушул эле тапшырмаларды окутупүйрөтүлгөн теманын, баптын аягында да материалдын канчалык деңгээлде өздөштүрүлгөндүгүн текшерүү максатында пайдаланышы мүмкүн.

**Калыптандыруучу (формативдик) баалоо** – бул окуучунун окуусуна үзгүлтүксүз, максаттуу багытталган байкоо жүргүзүү процесси. Калыптандыруучу баалоо формалдуу эмес (көп учурда баа коюлбаган) баалоо болуп саналат. Ал критерийлерге ылайык баалоого негизделет да, кайтарым байланышты камсыздайт. Калыптандыруучу баалоонун максаты – окутуп-үйрөнүү процессинде мугалим менен окуучунун ишмердигин оңдоп-түзөө. Калыптандыруучу баалоо мугалимге окуучунун окуп үйрөнүү максаттарына жакындоо процессине байкоо жүргүзүүгө, ал эми окуучуга - өзүнүн билим алуусундагы жоопкерчилигин тереңирээк аңдап-сезүүгө мүмкүнчүлүк берет.

Калыптандыруучу баалоо: күнүмдүк практикада колдонулат (ар бир сабакта, күн сайын); мугалим үчүн да, окуучу үчүн да ыңгайлуу формада колдонулат.

**Кайтарым байланыш** – бул максатка жетүүгө алып бара турган конкреттүү иш-аракеттер, кырдаалдар, маселелер жөнүндө билдирүү жана комментарий алуу процесси. Ал мугалимге окуучулардын жетишкендиктери жана кыйынчылыктары жөнүндө маалымат алууга мүмкүнчүлүк түзөт. Демек окуу процесси кандай жүрүп жаткандыгы жөнүндө билдирет. Кайтарым байланыш толеранттулукка негизделип, жагымдуу маанайда жүрүүгө тийиш. Окуучулардын туура жооп берүүсү, өзүнүн каталарын оңдоосу үчүн убакыт берилиши керек. Мугалим окуучу эмнени айрыкча жакшы аткаргандыгын баса көрсөтүүсү максатка ылайык.

**Окуучулардын кайтарым байланыш берүүсүнүн мисалдары катары төмөнкүлөрдү көрсөтүүгө болот:**

-оозеки жооптор;

-математикалык диктант;

-практикалык иш;

-текшерүү иш;

-үй тапшырманы аткаруу;

-өз алдынча иштөө;

-портфолио;

-долбоор;

-маалыматтар менен иштөө;

-класстык журнал;

## 5.2. Өзүн-өзү жана бири-бирин баалоо.

Баалоо ишмердүүлүгүнүн негизги талаптарынын бири болуп уучулардын өзүлөрүнүн окуудагы жетишкендиктерин баалай илүүсүн калыптандыруу. Мындай максатка жетиш үчүн уучулардын өзүн-өзү баалоо жана бири-бирин баалоо ыкмасы лдонулат. Мында, окуучулар өзүнүн ишмердүүлүгүнө талдоо үргүзүүгө жана баалоого, өзүн-өзү жана бири-бирин баалоо кмасында баалоонун критерийлерине таянат (окуучулар бирибирин терин баалоонун критерийлери белгиленгенден кийин на баалай алышат). Сабактын материалын шүнгөн/түшүнбөгөнүн аныктоо мүмкүнчүлүгүнө ээ болуу үчүн уучулардын өзүн-өзү баалоо көндүмдөрү болушу керек.

24

**5.2. Өзүн-өзү жана бири-бирин баалоо.**

Баалоо ишмердүүлүгүнүн негизги талаптарынын бири болуп окуучулардын өзүлөрүнүн окуудагы жетишкендиктерин баалай билүүсүн калыптандыруу. Мындай максатка жетиш үчүн окуучулардын өзүн-өзү баалоо жана бири-бирин баалоо ыкмасы колдонулат. Мында, окуучулар өзүнүн ишмердүүлүгүнө талдоо жүргүзүүгө жана баалоого, өзүн-өзү жана бири-бирин баалоо ыкмасында баалоонун критерийлерине таянат (окуучулар бирибиринин иштерин баалоонун критерийлери белгиленгенден кийин гана баалай алышат). Сабактын материалын түшүнгөн/түшүнбөгөнүн аныктоо мүмкүнчүлүгүнө ээ болуу үчүн окуучулардын өзүн-өзү баалоо көндүмдөрү болушу керек.

## 6. ТЕКШЕРҮҮ ИШТЕРИН БААЛОО ЖАНА ЖЫЙЫНТЫГЫН АНАЛИЗДӨӨ

Текшерүү ишин жүргүзүү үчүн ага мугалим тарабынан төмөндөгү даярдыктар жүргүзүлөт. Биринчиден, текшерилүүчү объектти аныктоо жана текшерүү ишинин конкреттүү максатын коюу. Экинчиден текшерилүүчү объектилерге туура келүүчү текшерүүнүн каражаттарын тандап алуу. Мисалы, 7-класста "Функция жана анын

графиктери" темасы боюнча окуучулардын билим жана билгичтиктеринин деңгээлин аныктоочу текшерүү иши төмөндөгүдөй болушу мүмкүн.

**. Сапаттык анализ.**

Мында ар бир окуучунун кетирген каталары жана текшерилүүчү түшүнүктөр боюнча билим, билгичтиктери аныкталат. Сандык анализде конкреттүү кайсыл жерден ката кетти, кандай билим, билгичтиктерди билбегенден кеткендиги берилбейт. Ал эми бул сапаттык анализде мунун баары берилет. Сапаттык анализде ар бир окуучунун кандай ката, кандай кемчилик кетиргени иштеген иштери көрсөтүлөт. Текшерүү ишинин жыйынтыгынын сандык жана сапаттык анализдин максаты окуучулардын билим, билгичтиктерин текшерүү гана эмес алардын өздөштүрүүсүн жогорулатуунун жолдорун, каражаттарын, ыкмаларын аныктоо болуп эсептелет. Анализ жүргүзүү учурунда окуучунун окуу материалдарын кандай өздөштүргөнүн, ал боюнча канчалык денгээлде билими бар экендиги боюнча мугалим толук маалыматтарды алат. Бул мугалимдин методикалык билгичтиктерин жогорулатууга мүмкүнчүлүк түзөт 1 .

## 7. Баа коюуда эске алынуучу кемчиликтер жана катачылыктар:

**5** 1.Окуучулардын оозеки жообу же жазма жумушу, тестсуроолорго берген жооптору туура, акырына чейин толук чыгарылган, негизделген болсо, бирда байкабастык каталары кетирилбесе, анда ага 5 (эң жакшы) баа коюуга болот.

**4** 2.Тапшырмалардын жооптору туура болуп, бир же эки байкабастыктарга жол берген болсо, ага 4 (жакшы) баа коюлат

**3** 3.Жооптору толук болбой, анда 3-4 байкабастыктар кездешсе, же бирөндө ката болуп, калгандары туура, негизделген болсо, анда ага 3 баа коюлат.

**2** 4.Эгерде теманын мазмуну ачылбаса, жоопторунда экиден көп одоно каталар болсо, же бештен көп байкабастыктар кетирилсе, ага 2 (жаман) баа коюлат